**Кыргыз Республикасынын Агартуу министирлиги**

“___” ___________2025-ж
№____________________

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министирлиги**

“___” ___________2025-ж
№____________________

# БИРГЕЛЕШКЕН БУЙРУК

## “Мектептерде ден соолукту чыңдоо боюнча комитеттерин түзүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-декабрындагы № 600 токтому менен бекитилген “2019–2030-жылдарга калктын ден соолугун коргоо жана саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча “Дени сак адам – өнүккөн өлкө” программасын ишке ашыруу жана жалпы билим берүү уюмдарындагы педагогикалык кызматкерлердин жана окуучулардын ден соолугун чыңдоо максатында, **буйрук кылабыз:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында “Мектептеги ден соолукту чыңдоо боюнча комитеттери” түзүлсүн.
2. “Мектептеги ден соолукту чыңдоо боюнча комитети” жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы жана райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү:
   - жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине ушул буйрукту тааныштырсын жана аткарууга алсын;
   - буйруктун аткарылышы боюнча маалыматтарды ар жылдын 30-апрелинен кечиктирбестен тапшырышсын;
4. “Ата-энелер мектеби” программасын жакшыртуу максатында Кыргыз Республикасынын Агартуу министирлигинин Кыргыз Билим берүү академиясы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору менен бирге 1-11-класска чейин балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган модулдарды санариптик технологияларды колдонуу менен иштеп чыксын жана 2026-жылдын 30-апрелине чейин бекитүүгө киргизсин.
5. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору тарабынан Мектептин ден соолук боюнча комитеттеринин ишине методикалык колдоо көрсөтүлсүн.
6. Алгачкы медициналык-санитардык жардам уюмдарынын жетекчилерине мектептеги ден соолукту чыңдоо комитеттеринин иш-чараларына медициналык кызматкерлери жана ден соолукту чыңдоо кабинеттеринин адистери тарабынан колдоо көрсөтүлсүн.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Агартуу министринин орун басары А.Д. Махметкуловго жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министринин орун басары Б.К. Арыкбаевага жүктөлсүн.

**О создании комитетов укрепления здоровья в школах**

В целях реализации Программы «Здоровый человек – процветающая страна» по охране здоровья населения и развитию системы здравоохранения Кыргызской Республики на 2019–2030 годы, утверждённой постановлением Правительства Кыргызской Республики от 20 декабря 2018 года № 600, а также для укрепления здоровья педагогических работников и учащихся общеобразовательных организаций, **приказываем:**

1. Создать в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики Комитеты по укреплению здоровья в школах.
2. Утвердить Положение «О Комитете по укреплению здоровья в школе» согласно приложению.
3. Департаменту образования мэрии города Бишкек, Управлению образорвания города Ош, районным и городским отделам образования:
   - ознакомить руководителей общеобразовательных организаций с настоящим приказом и обеспечить его исполнение;
   - представлять информацию о выполнении приказа не позднее 30 апреля каждого года в Министерство просвещения Кыргызской Республики.
4. В целях совершенствования программы «Школа для родителей», Кыргызской академии образования совместно с Республиканским центром укрепления здоровья и массовой коммуникации Министерства здравоохранения Кыргызской Республики разработать и внести на утверждение модули, направленные на укрепление здоровья детей с 1 по 11 классов с использованием цифровых технологий до 30 апреля 2026 года в Министерство просвещения Кыргызской Республики.
5. Республиканскому центру укрепления здоровья и массовой коммуникации Министерства здравоохранения Кыргызской Республики оказать комитету методическую помощь в проведении мероприятий по укреплению здоровья в школах.
6. Руководителям первично медико-санитарной помощи обеспечить участие медицинских работников и специалистов кабинетов укрепления здоровья в мероприятиях школьных комитетов по укреплению здоровья.
7. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра просвещения Кыргызской Республики А.Д. Махметкулова и заместителя министра здравоохранения Кыргызской Республики Б.К. Арыкбаеву.

| | |
|---|---|
| **Министр Просвещения Кыргызской Республики** | **Министр здравоохранения Кыргызской Республики** |
| **Д.Ш. Кендирбаева** | **Э.М. Чечейбаев** |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин
"___" ___________2025-ж
№__________/___________
биргелешкен буйругуна тиркеме

**Мектептеги ден соолукту чыңдоо боюнча комитети жөнүндө**

# ЖОБО

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Мектептеги ден соолукту чыңдоо боюнча комитети (мындан ары Комитет) жалпы билим берүү уюмдарындагы (мындан ары – мектеп) окуучулардын жана педагогикалык кызматкерлердин ден соолугун чыңдоо, сергек жашоо образын калыптандыруу жана билим берүү чөйрөсүндө коопсуз шарттарды түзүүгө багытталган.
2. Комитет өз ишин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин, буйруктарына ылайык жүргүзөт.
3. Комитет ар окуу жылдын 20-сентябрына чейин мектеп директорунун буйругу менен түзүлүп, анын жылдык иш планы ошол буйруктун негизинде бекитилет.

## 2-бөлүм. Комитеттин максаты жана милдеттери

4. Комитеттин максаты төмөнкүлөр болуп саналат:
- мектепте окуучулардын жана кызматкерлердин физикалык, психикалык (менталдык) жана социалдык ден соолугун сактоо жана чыңдоо;
- сергек жашоо образын жайылтуу жана ден соолук маданиятын өнүктүрүү;
- мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин жана медициналык кызматкердин ортосундагы коммуникацияны өнүктүрүү ж.б.
5. Комитеттин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- ден соолук боюнча алдын алуу (профилактикалык) иш-чараларды уюштуруу (ден соолук күндөрү, спорттук мелдештер, маалыматтык кампаниялар ж.б.);
- мектептеги санитардык-гигиеналык шарттардын сакталышын көзөмөлдөө;
- окуучулар арасында туура тамактануу, репродуктивдик саламаттык, гельминтоздун алдын алуусу, жеке гигиена жана психологиялык коопсуздук боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- мектептин медициналык кызматкери, психолог жана мугалимдер менен бирге ден соолукту чыңдоого багытталган программаларды ишке ашыруу;
- ден соолук боюнча маселелерди ата-энелер менен бирге талкуулоо жана сунуштарды берүү ж.б.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

## 3-бөлүм. Комитеттин курамы жана иши

6. Комитеттин курамына төмөндөгүлөр кирет:

Жетекчөөчү курамы:

- мектеп директорунун орун басары – төрага/төрайым;
- социалдык педагог – катчы, координатор;
- мектептин медициналык кызматкери – куратор;

Мүчөлүк курамы:

- мектептин психологу (эгерде штаттык бирдик каралган болсо);
- класс жетекчилер;
- дене тарбия мугалими;
- ата-энелер комитетинин өкүлдөрү;
- 5–11-класстын окуучулары (Комитеттин ишине ыктыярдуу түрдө катыштыруу зарыл);

7. Комитеттин төрагасын/төрайымын мектеп директору дайындайт.
8. Комитеттин жылдык иш планы бул жобонун тиркемесине ылайык иштелип чыгып, директор тарабынан бекитилет.
9. Комитет жыйындарын зарыл учурда, жылына 3төн кем эмес жолу өткөрөт.
10. Комитеттин чечимдери протокол аркылуу катталып, аткарылышы боюнча директорго отчёт берилет.
11. Төраганын/төрайымдын милдеттери:

- Комитеттин ишине жетекчилик кылат жана анын жыйынтыгы үчүн жооп берет;
- жыйындарды пландаштырат жана уюштурат, кабыл алынган чечимдердин аткарылышын камсыз кылат;
- Комитетти жыйындарда, мектептик иш-чараларда же тышкы уюмдар менен өз ара аракеттенүүдө көрсөтөт;
- жыйындардын протоколдоруна жана отчетторго кол коёт.

12. Катчынын, координатордун милдеттери:

- иш-чараларды координациялайт;
- төрага/төрайым жок учурда анын милдеттерин аткарат;
- иш жүргүзүү үчүн шарттарды түзөт (бөлмө, материалдар, каржылоо).
- иш кагаздарды жүргүзөт, жыйындардын протоколдорун тариздейт, чечимдерди жана тапшырмаларды каттайт;
- документтерди сактоону камсыз кылат, мүчөлөрдүн тизмесин гендердик тең салмактуулукту эске алуу менен иш алып барат;
- мектептин класстык бурч жана социалдык тармактары үчүн маалыматтык материалдарды даярдайт.

13. Куратордун (медициналык кызматкер) милдеттери:

- Комитеттин ишин уюштурууда комиттетин мүчөлөрүнө багыт көрсөтүп, иш-чараларды санитардык нормаларга ылайык алып барууну камсыз кылат;
- Комитеттин мүчөлөрүнө, педагогикалык кызматкерлерге, окуучуларга жана ата-энелерге ден соолукту чыңдоо маселелери боюнча кеңеш берет, аларды усулдук колдонмолор жана окутуу менен камсыз кылат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 1339/1, 07.11.2025

Кол койгон: Махметкулов А.Д.

14. Комитеттин мүчөлөрү:
- иш-пландын түзүлүшүнө жана аткарылышына катышат;
- сергек жашоо образын жайылтууга багытталган иш-чараларды демилгелейт жана өткөрөт;
- маалыматтарды жайылтууга көмөктөшөт ("тең теңине" ыкмасы менен);
- иш-чаралардын натыйжалуулугуна байкоо жүргүзүүгө жана баалоого катышат.

## 4-бөлүм. Комитеттин укуктары

15. Ушул жобону ишке ашыруу алкагында Комитет төмөнкү укуктарга ээ:
- мектеп администрациясына жана мугалимдерге ден соолук маселелери боюнча сунуштарды берүү;
- медициналык жана санитардык кызматтар менен кызматташуу;
- ден соолукка байланыштуу окуу, спорттук жана маданий иш-чараларды демилгелөө жана уюштуруу;
- окуучулардын жана ата-энелердин катышуусу менен социалдык акцияларды өткөрүү.

## 5-бөлүм. Жоопкерчилик жана отчеттуулук

16. Комитет өз ишинин жыйынтыгы боюнча жылдык отчёт даярдап, ар жылдын апрель айынын 20сынан кечиктирбестен мектеп директоруна, ал эми мектеп директору ар жылдын апрель айынын 25инен кечиктирбестен райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө, башкармалыктарына жөнөтөт.
17. Комитеттин жетекчилери (мектептин директору, комитеттин төрагасы, координатор, катчы, куратор) өз милдеттерин аткарууда жоопкерчилик тартышат.

## 6-бөлүм. Акыркы жоболор

18. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин биргелешкен буйругу менен бекитилет. Жобого өзгөртүүлөр белгиленген тартипте киргизилет.
19. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана мектептин уставына ылайык чечилет.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Мектептеги ден соолукту чыңдоо боюнча комитети жөнүндө жобого тиркеме

## Мектептеги ден соолукту чыңдоо боюнча комитетинин иш-чаралар планын отчеттук таблицасы

| № | Иш-чара | Максаты | Аткаруу мөөнөтү | Аткаруучулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | |
| 2. | | | | | |
| 3. | | | | | |

*Эскертүү:*

Мектептеги ден соолукту чыңдоо боюнча Комитеттин иш-чаралар планынын аткарылышы боюнча отчет төмөнкү түзүлүштө толтурулат:

- жалпы маалыматтар: мектептин аталышы, окуу жылы, Комитеттин курамы, өткөрүлгөн жыйындардын саны;
- өткөрүлгөн иш-чаралардын тизмеси: иш-чаранын аталышы, өткөрүү мөөнөтү, катышуучулардын саны;
- жыйынтыктардын кыскача мүнөздөмөсү: жетишкендиктер, аныкталган көйгөйлөр жана сунуштар;
- фото жана видео материалдар: тиркелген файлдардын кыскача сүрөттөлүшү, булуттук сактагычтарга шилтемелер;
- кийинки окуу жылына сунуштар: ишти өркүндөтүү жана мындан аркы кызматташуу боюнча чаралар.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Приложение к совместному приказу Министерства Просвещения, Министерства здравоохранения Кыргызской Республики
"___" ___________2025г.
№___________/____________

# ПОЛОЖЕНИЕ

## о Комитете по укреплению здоровья в школе

### Глава 1. Общие положения

1. Комитет по укреплению здоровья в школе (далее Комитет) создаётся в общеобразовательных организациях (далее школа) с целью укрепления здоровья учащихся и педагогических работников, формирования здорового образа жизни и обеспечения безопасных условий в образовательной среде.
2. Комитет осуществляет свою деятельность в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, законами Кыргызской Республики «Об образовании», «Об охране здоровья граждан в Кыргызской Республике», приказами Министерства просвещения и Министерства здравоохранения Кыргызской Республики.
3. Комитет создаётся приказом директора школы не позднее 20 сентября каждого учебного года, годовой план работы утверждается на основании этого приказа.

### Глава 2. Цели и задачи Комитета

4. К целям Комитета относятся следующие:
- сохранение и укрепление физического, психического (ментального) и социального здоровья учащихся и работников общеобразовательных организаций;
- продвижение здорового образа жизни и развитие культуры здоровья;
- развитие коммуникации между учителями, учащимися, родителями и медицинскими работниками.
5. Задачи Комитета включают:
- организацию профилактических мероприятий по укреплению здоровья (дни здоровья, спортивные соревнования, информационные кампании и др.);
- контроль за соблюдением санитарно-гигиенических условий в общеобразовательной организации;
- проведение информационно-разъяснительной работы среди учащихся по вопросам правильного питания, репродуктивного здоровья, профилактики гельминтозов, личной гигиены и психологической безопасности;
- реализацию программ, направленных на укрепление здоровья, совместно с медицинским работником общеобразовательной организации, психологом и социальными педагогами;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- обсуждение вопросов, связанных со здоровьем, совместно с родителями и выработка соответствующих рекомендаций и предложений.

## Глава 3. Состав и деятельность Комитета

6. В состав Комитета входят:

Руководящий состав:

- заместитель директора школы — председатель;
- социальный педагог — секретарь, координатор;
- медицинский работник школы — куратор.

Членский состав:

- школьный психолог (если предусмотрена штатная единица);
- классные руководители;
- учитель физической культуры;
- представители родительского комитета;
- учащиеся 5–11-х классов (участие в работе Комитета осуществляется на добровольной основе).

7. Председатель Комитета назначается директором школы.
8. Годовой план работы Комитета разрабатывается в соответствии с приложением к настоящему Положению и утверждается директором школы.
9. Заседания Комитета проводятся по мере необходимости, но не реже трёх раз в год.
10. Решения Комитета оформляются протоколом, а отчёт о ходе их исполнения представляется директору школы.
11. Обязанности председателя:

- руководит деятельностью Комитета и несёт ответственность за результаты его работы;
- планирует и организует заседания, обеспечивает исполнение принятых решений;
- представляет Комитет на заседаниях, мероприятиях общеобразовательных организаций и при взаимодействии с внешними организациями;
- подписывает протоколы заседаний и отчёты.

12. Обязанности секретаря, координатора:

- координирует проведение мероприятий;
- исполняет обязанности председателя в его/её отсутствие;
- обеспечивает условия для работы (помещение, материалы, финансирование);
- ведёт делопроизводство, оформляет протоколы заседаний, фиксирует решения и поручения;
- обеспечивает хранение документов, ведёт список членов Комитета с учётом гендерного баланса;
- подготавливает информационные материалы для школьных стендов и социальных сетей.

13. Обязанности куратора (медицинского работника):

- оказывает методическую поддержку членам Комитета при организации деятельности, обеспечивает проведение мероприятий в соответствии с санитарными нормами;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 1339/1, 07.11.2025 Кол койгон: Махметкулов А.Д.

- консультирует членов Комитета, социальных педагогов, учащихся и родителей по вопросам укрепления здоровья, обеспечивает их методическими материалами и обучением.

14. Обязанности членов Комитета:

- участвуют в разработке и реализации годового плана работы;
- инициируют и проводят мероприятия, направленные на продвижение здорового образа жизни;
- содействуют распространению информации методом «равный обучает равного»;
- участвуют в мониторинге и оценке эффективности проводимых мероприятий.

## Глава 4. Права Комитета

15. В рамках реализации настоящего Положения Комитет обладает следующими правами:

- вносить предложения администрации школы и педагогическому коллективу по вопросам, связанным с укреплением здоровья;
- взаимодействовать с медицинскими и санитарными службами;
- инициировать и организовывать образовательные, спортивные и культурные мероприятия, направленные на укрепление здоровья;
- проводить социальные акции с участием учащихся и родителей.

## Глава 5. Ответственность и отчетность

16. По результатам своей деятельности Комитет подготавливает годовой отчет и направляет его директору школы не позднее 20 апреля каждого года.
Директор школы, в свою очередь, направляет сводный отчет в районный или городской отдел (управление) образования не позднее 25 апреля текущего года.

17. Руководящий состав Комитета (председатель, координатор, секретарь, куратор) несут ответственность за исполнение своих должностных обязанностей в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

## Глава 6. Заключительные положения

18. Настоящее Положение утверждается совместным приказом Министерства образования Кыргызской Республики и Министерства здравоохранения Кыргызской Республики. Изменения и дополнения в Положение вносятся в установленном порядке.

19. Вопросы, не урегулированные настоящим Положением, решаются в соответствии с законодательством Кыргызской Республики и уставом школы.

Приложение к Положению
о Комитете по укреплению
здоровья в школе

## Отчётная таблица выполнения плана мероприятий Комитета по укреплению здоровья в школе

| № | Мероприятие | Цель | Срок исполнения | Исполнители | Примечание |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |

*Примечание:*

Отчёт о выполнении плана мероприятий Комитета по укреплению здоровья в школе составляется по следующей структуре:

- Общая информация: название школы, учебный год, состав Комитета, количество проведённых заседаний;
- Список проведённых мероприятий: название мероприятия, дата проведения, количество участников;
- Краткая характеристика результатов: достигнутые успехи, выявленные проблемы и предложения;
- Фото- и видеоматериалы: краткое описание приложенных файлов, ссылки на облачные хранилища;
- Рекомендации на следующий учебный год: меры по совершенствованию деятельности и дальнейшему взаимодействию.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН